УДК: 372.3
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-309-315

**Сейдекулова К.С.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
kulsunseydekulova@mail.ru
**Турусбекова А.Э.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
turusbekova@gmail.com
**Сейдекулова К.С.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
kulsunseydekulova@mail.ru
**Турусбекова А.Э.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
turusbekova@gmail.com
**Seydekulova K.S.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
kulsunseydekulova@mail.ru
**Turusbekova A.E.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
turusbekova@gmail.com

# МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО БАЛДАРДЫН СҮЙЛӨӨ ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ПРОБЛЕМЫ РАЗВИТИЯ РЕЧИ ДЕТЕЙ В ПОДГОТОВКЕ ИХ К ШКОЛЕ

# PROBLEMS OF CHILDREN'S SPEECH DEVELOPMENT IN PREPARING THEM FOR SCHOOL

**Аннотация:** Макала балдар бакчасы менен башталгыч мектептин программаларынын ортосундагы улантмалуулук көйгөрлөрүнүн илимий негизде иштелип чыкпагандыгы, билим берүү чөйрөсүндөгү түзүлгөн өзгөчөлүктөр, биринчи класска барган балдардын мектепте окууга болгон даярдыктарына коюлган катуу талаптар, бакча жана үй-бүлө шартында тарбияланган балдардын билим жана көндүмдөрүндөгү айрымачылыктардын мектепке даярдоо проблемасынын учурда өтө актуалдуулугун белгилейт. Алты-жети жаш курактагы балдардын байланыштуу кебин өстүрүү, сабаттуулукка үйрөтүүгө даярдоо, айлана-чөйрө жөнүндө түшүнүктөрүн илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн негизинде калыптандыруу балдарды мектепке даярдоодогу көйгөйлүү проблемалардан экендиги каралган. Мектепке даярдоо окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүнүн баардык учурларында өзгөчө баланын өз эне тилиндеги байланыштуу кебин өркүндөтүү, сөздүктөрүн байытуу,тыбыштарды сөздөрдүн арасында туура айттыруу, печатталган тамгалар менен тааныштырып, колдорунун манжаларын калем сапты туура кармап, дептердин бетинде туура багыт алуусуна, жазылган кыска текстерди окууга, байланыштуу кебин өркүндөтүүгө үйрөтүү аркылуу, баланын келечекте сабаттуу болуусуна негиз түзүүдөгү көйгөйлөр каралат.

**Негизги сөздөр:** стандарт, программа, окуу-тарбия иштери, чөйрө, нормативдик документ, курактык өзгөчөлүк, байланыштуу кеп, сабаттуулук, байланыштуулук, улантмалуулук, үндүн күчү, темпи, басымы, интонациясы, көйгөй.

**Аннотация:** Статья посвящена вопросам преемственности в учебно-воспитательной работе дошкольного образования и начальной школы в организации: режимных моментов, воспитательных мероприятий, занятий, определение их целей, задач, структуры руководствуясь нормативными документами по дошкольному и начальному образованию. При разработке новых программ следует обеспечивать интеграцию образовательных областей и единый подход в решении воспитательных, развивающих и обучающих целей и задач образования детей дошкольного и младшего школьного возраста. В статье раскрывается проблема необходимости развития речи детей подготовительных групп. Отмечается, что одним из актуальных проблем подготовки детей к школе является развитие связной речи, обучение грамоте, развитие знаний и пониманий об окружающем мире, т.к. все стороны развития ребенка формируется и развивается через речь. Через развитие связной речи, обогащение словаря, звуковой культуры речи, ознакомление с печатными буквами и подготовку мелкой моторики рук к письму педагоги готовят детей к успешному обучению в первом классе.
**Ключевые слова:** стандарт, программа, окуу-тарбия иштери, план, чөйрө, нормативдик документ, возрастная особенности, связной речь, обучение грамоте, звуковая культура речи, преемственность, проблема.

**Annotation:** The article is devoted to the issues of continuity in the educational work of preschool education and primary school in the organization of: regime moments, educational activities, classes, determination of their goals, objectives, structure guided by the normative documents on preschool and primary education. When developing new programs, it is necessary to ensure the integration of educational areas and a unified approach in solving the educational, developmental and teaching goals and objectives of the education of preschool and primary school age children. The article reveals the problem of the need for speech development of children of preparatory groups. It is noted that one of the urgent problems of preparing children for school is the development of coherent speech, literacy, the development of knowledge and understanding about the world around us, because all aspects of a child's development are formed and developed through speech. Through the development of coherent speech, enrichment of vocabulary, sound culture of speech, familiarization with printed letters and preparation of fine motor skills of hands for writing, teachers prepare children for successful learning in the first grade.
**Keywords:** standard, program, oku-tarbia ishteri, plan, cho'r, normandic document, age features, coherent speech, literacy training, sound culture of speech, continuity, problem.

Ааламдашуу доорунда өсүп келе жаткан жаш муундарга учурдун талаптарына ылайык тарбия, билим берүү үчүн балдардын акыл жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптуу өркүндөтүү, алгачкы илимий түшүнүктөрдүн негиздерин калыптандыруу чоң мааниге ээ. Балдардын акыл-эс жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптанышына ата-эне, бала-бакча жана курчап турган чөйрөнүн таасири чоң экендиги талашсыз. Эгерде эрте жаш курактан баштап балдардын өсүп-өнүгүшүнө карата туура шарт түзүлүп, илимий-методикалык негизде атайын иштелип чыккан программа, методикалык колдонмолордү жетекчиликке алуу аркылуу системалуу иш уюштурулса балдардын мектепте ийгиликтүү окуп-билим алышына ыңгайлуу шарт түзүлөт. “Мектепке чейинки даярдоо” деген түшүнүк педагогикалык чөйрөдө жакынкы жылдарда эле пайда болгондуктан, тарбиячы, мугалимдер жана коомчулуктун анын педагогикалык маанисин, мазмуунун билүүгө, тактоого болгон каалоолору табигый көрүнүш. Балдар бакчасы менен башталгыч мектептин программаларынын ортосундагы улантмалуулук

көйгөйлөрүнүн илимий негизде иштелип чыкпагандыгы, билим берүү чөйрөсүндөгү түзүлгөн өзгөчөлүктөр, биринчи класска барган балдардын мектепте окууга болгон даярдыктарына коюлган катуу талаптар, бакчага барган жана үй-бүлө шартында тарбияланган балдардын билим жана көндүмдөрүндөгү айрымачылыктар мектепке даярдоо көйгөйүнүн учурда өтө актуалдуулугун белгилейт. Ошондуктан алты-жети жаш курактагы балдардын байланыштуу кебин өстүрүү, сабаттуулукка үйрөтүүгө даярдоо, айлана-чөйрө жөнүндө жана жөнөкөй элементардык математикалык түшүнүктөрүн илимий-педагогикалык талаптардын негизде калыптандыруу аркылуу мектепке даярдоо учурда актуалдуу болуп эсептелет.

Жогоруда айтылган көйгөрлөрдү турмушка ашырууда Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” (2003) жана “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” (2009) мыйзамдарынын тиешелүү принциптери, Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү жана баланы кароо” (2020) боюнча стандартынын талаптары жетекчиликке алынып, балдарды тарбиялоо жана билим берүүгө, мектепке ийгиликтүү даярдоого багытталат[1,2,3]. Анткени, башталгыч мектепте билим алуучу сабактардын негиздери балдар бакчасында калыптанып, мектепте улантылат. Мындай системалуу уюштурулган окуу-тарбия иштери улантмалуулукту сактоого, кайталанмалуулукту, карама-каршылыктарды жоюууга жана балдардын мектептин чөйрөсүнө тез, жеңил көнүгүүсүнө шарт түзөт. Бала-бул бирдиктүү бүтүндөй инсан, ошондуктан балдар бакчасында уюштурулуучу педагогикалык процесс аны толук кызыктыруусу, турмуштук умтулууларын жана керектөөлөрүн камсыздоосу керек. Бул процесстерде жана бала өзүнүн жашоо-тиричилигин байытып, улам өркүндөп жаткан ар түрдүү таанып билүү жана акыл-ой керектөөлөрүн канаттандырат.

Мектепке чейинки курактагы балдардын айлана-чөйрөнү таанып билүүсүн, байланыштуу кебин өстүрүү, сабаттуулукка жана окуганга үйрөтүү- бул татаал процесс. Белгилүү психолог Л.С.Выготский “жакындан өнүгүү зонасына” таянып билим берүү баланын өнүгүүсүнөн алдыда болуусу керек деп айткан [4]. Л.С. Выготскийдин мектебинин өкүлдөрү Л.И. Божович, Д.Б. Эльконин ж.б. эмгектеринде билим берүү, өнүгүүнү стимулдаштырат б.а. билим берүү өнүгүүнүн алдында болуп, аны алдыга жетелейт дешип, Л.С. Выготскийдин идеясын жакташкан [9]. Анткени, мындай айтылган ырастоолор бала белгилүү бир тышкы таасирлерге өзгөчө сезимтал келет деген теориялык түшүнүктөр менен байланыштуу. Убагында балага жаш курагына ылайык билим бербесе, ата-эне, педагог баланын бай мүмкүнчүлүктөрүн туура багыттоо мезгилин жоготуп алышат. Теориялык жана методикалык булактарда баланын тилге, тилдин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө болгон сезимталдыктарынын төрт-беш жаш куракта калыптана башталары белгиленгендиктен, аны сабаттуулукка үйрөтүүдө эске алуу зарыл. Психолог, педагог-окумуштуу А.В.Запорожецтин ою боюнча баланын эрте жаш курагындагы баскычтарда пайда болуучу психологиялык жаңылануулары, адамдын инсандык сапаттарынын калыптанышында, алардын өнүгүүсүндө абсолюттук мааниге ээ [6]. **У.**В.Ульенкова “Исследование психологической готовности шестилетних детей к школе”, А.Я. Карауле “Обучение шестилетних детей к школе”, К.Н.Поливанова “Шестилетки-индивидуальная готовность к школе” – деген эмгектеринде баланын окууга болгон жөндөмдүүлүгүн өркундөтүү аркылуу, өз убагында анын мектепке болгон даярдыгын, кызыгуусун калыптандырса болот дешет. Балдардын байланыштуу кебин изилдөө, негизинен практикалык мааниге ээ: методологиясын иштеп чыгуу жана баланын мектепте окуусунда маанилүү фактор катары байланыштуу кебин калыптандыруунун методикасын жана технологиясын жакшыртуу.

В.И. Логинова, Д.Б. Эльконин, Е.М., Струнина, В.И. Яшина, Е.И. Тихеева, Ж. Кабан, О.С. Ушакова, Ф.А. Сохина, А.М. Бородич ж.б. эмгектеринде балдардын байланыштуу кебин өркүндөтүүнүн ар кандай аспектилерине токтолушуп мектепке даярдоо тайпаларындагы

балдардын кебинин даярдыгы төмөнкүдөй даярдыктарды божомолдойт: -тыбыштарды туура айтуу жана фонетикалык угуу жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптанышынын аяктоосу; -лексика-грамматикалык категориялардын калыптанышы; пассивдүү жана активдүү сөздүктөрдүн жетиштүү көлөмдө болушу; -кептин байланыштуулугу; -курдаштары жана улуулар менен мамилелешүү көндүмдөрүнүн бар болуүсү.

Тил-адамдардын мамилелешүүсүнүн, таанып билүүсүнүн маанилүү каражаты болуу менен бирге, тил-адамзат түзгөн маданий баалуулуктарга балдарды катыштыруунун негизги булагы, тарбиялоо жана билим берүүнүн жолу.

Мектепке чейинки курактагы баланын оозеки монологиялык кеби – анын мектепте ийгиликтүү окуусуна керектүү негиздерди түптөйт, анткени бул жаш курак баланын сүйлөө кебинин активдүү өнүгүү жана кебинин баардык багыттарынын ар тараптан өркүндөп жана калыптанган учуру: фонетикалык, лексикалык, грамматикалык. Баланын акыл, эстетикалык жана нравалык тарбиялоосун өнүктүрүүнүн негизги шарттарынан болуп, мектепке чейинки куракта баланын өз эне тилин толук кандуу өздөштүрүүсү эсептелет. Баланы өз эне тилинде сүйлөөгө канчалык эрте үйрөтсөк, баланын андан ары тилди эркин колдонуусуна шарт түзүлөт. В.И Логинова, П.Г. Саморукова “Мектепке чейинки тарбиялоонун педагогикасы” – деген окуу куралын жазууда белгилүү психолог, педагог, лингвистердин (Л.С. Выготский, С.Л. Рубинштейн, Д.Б. Эльконин, А.В. Запорожец, А.А. Леонтьев, Л.В. Щерба, А.А. Пешковский, А.Н. Гвоздев, В.В. Виноградов, К.Д. Ушинский, Е.И. Тихеева, Е.А. Флёрина, Ф.А. Сохин, Л.А. Пеньевская, А.М. Леушина, О.И. Соловьева, М.М. Конина ж.б.) изилдөөлөрүн анализдөө аркылуу, баланын кебинин өнүгүшүн комплекстүү кароо керек экендигин аныкташкан: -биринчиден, структуралык жактан, тил системасынын ар кандай деңгээлде калыптанышы: -фонетикалык, лексикалык, грамматикалык; -экинчиден, функционалдык, тилди коммуникациялык жактан колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу: - байланыштуу кепти, мамилелешүү кебин өркүндөтүү; -үчүнчүдөн, когнитивдүү, таанып билүү көндүмдөрүн калыптандыруу [5].

Кеп баланын өзүн-өзү баамдоо жана тартиптүүлүккө үйрөнүү көндүмдөрүн өркүндөтүүгө да жардам берет. Кеп баланын интелектуалдык өнүгүүсүн жана мектепте окууга болгон акыл-эс жагынан даярдыгынын деңгээлин чагылдырат. Мектепке даярдоо тайпасындагы баланын кебинин көрсөткүчтөрү: -теңтуштарынын жана улуулардын кебин угат, түшүнөт жана активдүү мамиле түзө алат; -өз алдынча сүйлөмдөрдү түзө алат; -ойлорун так жана түшүнүктүү айтат; -негизги жана кошумча түшүнүктөрдү айрымалай алат; -чоң эмес аңгемелердин мазмунун ирееттүү, татаал сүйлөмдөрдү колдонуу менен айтып бере алат. Мисалы, буюмду же бөлмөдөгү көрүнүштү жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү колдонуу менен эмнеге окшош, кайда жайланышкан ж.б. өзгөчөлүктөрүн сүрөттөп айтып берет. Ошондой эле эне тилиндеги баардык тыбыштарды так, туура айтат. Мындай көндүмдөр баланын оозеки гана эмес, жазуу кебинин калыптанышына да таасир этет. *Жазуу көндүмдөрү.* Жазуу көндүмдөрүнө үйрөтүүдө баланын курактык өзгөчөлүгүн эске алуу зарыл. 6–7 жаш курагындагы бала үчүн жазганга үйрөнүү татаал процесс. Майда булчуңдары жетиштүү деңгээлде өнүгө элек болгондуктан, көп убакытты жазуу көнүгүүлөрүнө бөлүп, баланын колунун манжаларын чарчатпоо керек. Ал үчүн калем сапты жана башка окуу каражаттарын санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берген каражаттар менен камсыздоо зарыл. Балдар психологиясында мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо окуу ишмердүүлүгү жетектөөчү мааниге ээ эмес деп белгиленгени менен, учурда тажрыйба көрсөткөндөй балдар бакчасынын жогорку тайпаларында негизге мааниге ээ болуп, окуу-тарбия максаттарын ишке ашырууда өзгөчө орунга ээ болууда. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоо, окутуу жана өркүндөтүү боюнча Республикабызда эмгек сиңирген окумуштуу, педагогдор Н.Н. Палагина, М.Р. Рахимова, Ж.М. Жумалиева, Л.В. Усенко, К.С. Сейдекулова, Э.К. Омуралиева, Т.А. Орусбаева ж.б. илимий-педагогикалык

изилдөөлөрүндө да балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык ар тараптан өнүгүүсү боюнча, анын мазмуну, окуу-тарбия процессин уюштуруу формалары, методдору жана мазмундары каралган. Учурда, башталгыч мектеп биринчи класска келген баладан билим жана көндүмдөрдү гана эмес, тигил же бул билимдин негиздерин системалуу кабыл алуу үчүн акыл жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүнү да талап кылат. Ошондуктан, келечекте окуп-билим алуучу предметтердин жөнөкөй негиздери боюнча, мектепке чейинки курактагы баланын белгилүү бир билимдердин системасына ээ болуусуна жардам берүүдө анын кебин өстүрүү өзгөчө мааниге ээ.

Мектепке даярдоодо балдардын кебин өстүрүү – бул оозеки жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу, ой жүгүртүү процесстерин активдештирүү жана таанып билүү процесстерин өркүндөтүүчү максатка багытталган иш аракет. Байланыштуу сүйлөө кепти өркүндөтүү – бул баланын мектептин турмуш-шарттарына, окуу процессине тез көнүгүшүнө мүмкүндүк түзөт. Баланын мектепте ийгиликтүү билим алуусунда кебинин жетиштүү деңгээлде өнүгүшү чоң мааниге экендиги талашсыз, анткени ал баардык сабактарда жана башка карым- катнаш учурларында да, таанып билүү жана коммуникациялык жактан өнүгүүсүндө жетектөөчү каражат катары кызмат кылат. Мектеп шартында сабактан тышкары мамилелешүүнү талап кылуучу иш чаралар уюштурулат, ошондуктан жаңы социалдык абалга көтөрүлгөн бала үчүн –жетиштүү деңгээлде кебинин калыптанышы чоң мааниге ээ экендиги талашсыз. Программалык максаттарга ылайык баланын өз эне тилиндеги байланыштуу кебин өркүндөтүү, сөздүктөрүн байытуу, тыбыштарды сөздөрдүн арасында туура айттыруу жана печатталган тамгалар менен тааныштырып, колдорунун манжаларын калем сапты туура кармап, дептердин бетинде туура багыт алуусуна, жазылган кыска текстерди окууга, байланыштуу кебин өркүндөтүүгө үйрөтүү аркылуу, келечекте сабаттуу болуусуна, мектепте ийгиликтүү окуусуна фундамент түзөбүз.

Балдарды мектепке даярдоо боюнча учурдагы көйгөйлөрдү чечүүдө, "Мектепке чейинки билим берүү жана кароо" боюнча мамлекеттик стандарттын [2020] талаптарына ылайык илимий-методикалык негизде сунушталуучу жаңы программалар: бакча жана башталгыч мектептин программаларынын ортосундагы байланыштуулук, улантмалуулук принциптерин сактоо менен иштелип чыгышы зарыл. Мектепке даярдоо тайпалары үчүн жаңы программаны иштеп чыгууда, башталгыч мектеп жана мектепке чейинки билим берүү боюнча мекемелердин илимий кызматкерлери, балдар бакчаларынын мыкты практик адистери камтылып, алар республикалык жана КМШ мамлекеттеринин баардык программаларын тыкыр изилдешип, жогоруда айтылган байланыштуулук, улантмалуулук принциптери жетекчиликке алып, учурдун суроо-талаптарын толук камтыган жаңы программаны иштеп чыгуулары керек. Мектепке чейинки билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттын талаптарын жетекчиликке алып иштелип чыккан программа: балдардын эне тилинде байланыштуу сүйлөө кебин туура калыптандырып, балдардын жаш курагына ылайык окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүн эффективдүү уюштурууга, тарбия-билим берүү жана өркүндөтүүдө жаңычыл технологияларды активдүү колдонууга шарт түзүүсү керек. Баланын өз убагында туура калыптанган тили, байланыштуу кеби: мамилелешүү, таанып билүү, өз оюн билдирүү, ар кандай окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүнүн калыптанышында жана аларды туура түшүнүү каражаты катары кызмат кылат [3]. Кеп өстүрүүнүн милдеттери: -кеп өстүрүү системасынын структурасынын компоненттерин калыптандыруу; -кеп өздөштүрүүдө анын коммуникативдик функциясына ылайык байланыштуу сүйлөө көндүмдөрүн - байланыштуу кепти өнүктүрүү, диалогиялык жана монологиялык кептерин өркүндөтүү;

– тил жана кеп жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптанышы жөнүндө баамдоолорун, түшүнүктөрүн калыптандыруу;

– кебинде сөздөрдү түшүнүү менен колдонуп, жазылгандарды кандай колдонуу керектиги жөнүндө түшүнүктөрүн, колдорунун манжаларын машыктырып, жөнөкөй жазуу элементтерин дептердин бетинде туура багыт алып жазуусун калыптандыруу.

Кебин өстүрүү аркылуу балдар ойлорун чагылдырууга, достору менен мамилелешүүгө жана алардын пикирин укканга үйрөнүшөт. Анткени, оозеки кеп балдардын баардык күндөлүк турмушундагы ишмердүүлүктөрүндө активдүү колдонулат. Балдардын алгачкы активдүү кебинин байышы үй-бүлөдөн башталып, карым-катнаш түзүүчү социалдык чөйрөсү кеңейген сайын өркүндөйт. Ошондуктан, ата-эне жана педагогдор тыкыз кызматташышып, баланын кеп маданиятин өркүндөтүүгө чоң маани берүүлөрү керек. Кенже курактагы балдардын өсүп-өнүгүүсүндө байланыштуу кебинин өркүндөшү, чоң мааниге ээ экендигин белгилүү педагог Я.А.Коменский өзүнүн “ Улуу дидактика” эмгегинде айтып кеткен [7].

Кеп өстүрүү балдардын тыбыштарды так айтып, сөздөрдө туура колдонушун, маданий үндүк тыбыштардын калыптанышын, сөздүктөрүнүн байышын, сүйлөмдөрдү туура түзүп, анын формаларын туура колдонуу жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүн болжолдойт. Бирок, көптөгөн педиатрлардын, физиологдордун, психологдордун адистик жыйынтыктоолору боюнча 5-7 жаш курагында балдарга мектеп программасында берилүүчү материалдарды берип, эртелеп окутуу, баланын мектепке чейинки жаш куракта гана калыптануучу сапаттардын толук калыптанбай калышына, алардын кийинки куракта ордуна келбей турган жоготууларга алып келерин аныктайт. Ошондуктан башталгыч мектеп жана мектепке чейинки тарбиялоо боюнча илимий мекемелердин адистеринин, практиктердин катышуусу менен балдардын ар бир курактык өзгөчөлүктөрүнө карата байланыштуулук, улантмалуулук принциптерин жетекчиликке алып, илимий-методикалык негизде жаңыланган программаларды, окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуулары учурдагы негизги көйгөйлөрдөн болуп эсептелет. Анткени, ар кандай билим берүү уюмдарынан келген балдардын билими, даярдыгы эске алынбастан, тааныш болгон материалдарды кайрадан кайталоо көпчүлүк биринчи класска келген балдардын окууга болгон кызыгуусун төмөндөтөт. Психолог, педагог-изилдөөчү Д.Б.Эльконин иштеп чыккан методика боюнча баланын “тилге болгон жөндөмдүүлүктөрүн” эске алып, эне тилинин тыбыштык негиздери менен тааныштыруу, андан ары тилдин өзгөчөлүктөрү менен таанышууга жардам берет: грамматиканы, стилистикасын, ритмикасын ж.б. [10]. Мындай методикалык ыкма жаш өзгөчөлүктөрүн карата балдардын акыл аракеттеринин ырааттуу калыптанышын шарттайт: сөздөргө тыбыштык анализ жүргүзүү, сөздөрдү өзгөртүү, байланыштуу сүйлөө, кыска текстерди окуу. Мектепке чейинки даярдоо тайпаларында кеп өстүрүү ишмердүүлүгү боюнча негизги багыттар:

– *балдардын сөздүктөрүн өркүндөтүү.* Балдардын сөздүктөрүн байытуу, кеп маданиятынын өнүгүшүнө негиз болуп, тилдин маанилүү бирдиктеринен болуп эсептелет. Сөз буюмдарды, айлана-чөйрөдөгү көрүнүштөрдү, алардын өзгөчө белгилерин, сапаттарын, касиеттерин жана алар менен кандай аракеттенүү керектигин белгилейт. Балдар окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүндө, өз жашоо-тиричилигине жана айлана-чөйрө менен карым – катнаш түзүүдө керекүү сөздөрдү өздөштүрүшөт;

– *маданий үндүк тыбыштарды тарбиялоо.* Бул багытта кепти угуу жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт, тилибиздеги ар кандай фонологиялык каражаттарды кабыл алуу жана айрымалоо; орфоепиялык жактан кептин туура калыптанышын тарбиялоо; үндүк каражаттарды туура колдонуу менен кебибиздин көркөм болушуна ээ болуу (кептин угулушу, үндүн уккулуктуулугу, темпи, басымы, үндүн күчү, интонациясы);

– *кептин грамматикалык жактан туура түзүлүшүн калыптандыруу.* Кептин грамматикалык жактан туура түзүлүшүн калыптандыруу, кептин морфологиялык жактан

өнүгүшүн болжойт (сандык жактан, жөндөмө боюнча), тилде сөздөрдүн түзүлүш жолдорун калыптандыруу (сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн ар кандай айкалышы, кошулушун өздөштүрүү);

– *байланыштуу кепти өнүктүрүү.* Байланыштуу кепти өнүктүрүү диалогиялык жана монологиялык кептерди өнүктүрүүнү камтыйт. Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн диалогиялык кеп мамилелешүүнүн негизги формасы болуп эсептелет. Балдарды диалог түрүндө сүйлөшүүгө үйрөтүү чоң мааниге ээ. Өзүнө кайрылган кепти угууга жана түшүнүүгө, сөзгө аралашууга, суроо берүүгө жана суроолорго жооп берүүгө, ар кандай кеп каражаттарын колдонууга, учурга карата мамилелешүүгө үйрөтүү. Даярдоо тайпаларында мамилелешүүнүн татаал формасы болгон монологиялык кебин өнүктүрүү, байланыштуу тексти угуу, түшүнүү, кайта сүйлөп берүү;

– сабаттуулукка, окуганга жана жазганга даярдоону камсыз кылуучу, тилдин жана кептин өзгөчөлүктөрү жөнүндө балада жөнөкөй түшүнүктөрдү калыптандыруу;

– балдардын фонематикалык угуу жөндөмдүүлүктөрүн жана колдорунун майда булчундарын өркүндөтүү.

Балдардын байланыштуу кебин өнүктүрүүдө, сабаттуулука үйрөтүүдө тарбиячынын тайпада негизги керектүү шарттарды түзүүсү чоң мааниге ээ. Тайпада балдар үчүн мазмууну боюнча көркөм сүрөттөр менен коздолгон: жомоктор, аңгемелер, ырлар, ар кандай адистик, жаратылыш кубулуштары, сүрөттүү алфавиттер ж.б., темалар боюнча коздолгон же ата-энелери менен биргелешип аткарган балдардын китепчелери, жазуу дептерлери, боемо - сүрөт дептерлер, альбомдор, түстүү калемдер, фламастерлер ж.б. өз алдынча эркин пайдаланууга керектүү материалдар жайгаштырылышы зарыл.

Жогорудагы кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө карата белгиленген негизги багыттар баланын мектепте ийгиликтүү билим алуусуна, баардык окуу-тарбия ишмердүүлүктөрүн жогорку деңгээлде уюштурууга шарт түзөт. Анткени, мектепте билим алуудагы баардык ишмердүүлүктөр кеп аркылуу турмушка ашырылат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” (2003)мыйзамы

2. “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” (2009) мыйзамы

3. Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү жана баланы кароо” (2020)мамлекеттик стандарты

4. Выготский, Л.С. Мышление и речи. Избранные психологические исследования. / Л.С. Выготский. – М.: РСФСР,1956. – Т. 4. – 480 с.

5. Дошкольная педагогика. В 2 ч. / Под ред. В.И Логиновой, П.Г. Саморуковой. – М., 1988.

6. Запорожец А.В. Избранные психологические труды [Текст]: в 2-х т. – Т. 4. – Психологические развитие ребенка / А.В. Запорожец. – М.: Педагогика, 1986. – 360 с.

7. Коменский Я.А. Великая дидактика / Пер. с латинского проф. Д.Н. Королькова / Под. ред. и с биограф. очерком А.А. Красновского. – М.: Учпедгиз, 1939. – 317 с.

8. Психолого-педагогические проблемы. Обучение и воспитание детей шестилетнего возраста // Вопросы психологии. – М., 1984. – 4–5 с.

9. Подготовительная к школе группа в детском саду / Под ред. М.В. Залужской. Изд. 2-е, перераб. и доп. – М.: Просвещение, 1975. – 383 с.

10. Эльконин Д.Б., Венгер А.П. Особенности психического развития детей 6–7 летнего возраста / Под ред. Д.Б. Эльконина, А.П. Венгера. – М, 1988.

**Рецензент: пед. илим. док., проф. Рысбаев С.К.**